
# Суусаган булуттар



Автор: Зинакан Пасанова

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Суусаган булуттар

Автор: Зинакан Пасанова
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org /licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Суусаган булуттар" (кыргыз тилинде), автор Зинакан Пасанова, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Элдияр жайкы каникулга чыкканда, апасы экөө жайлоодогу чоң энесине конокко жөнөштү. Бийик тоодо уюлдук байланыш жоктугун билгенде, ага жайлоо дароо эле жакпай калды.


– Бул жерде интернетсиз эмне кылат элем? Шаарга кетем! – деди маанайы чөгүп.

– Карачы, жайлоодо сендей балдар-кыздар көп экен. Алар деле жүрүшөт го! Таякеңдин кызы Сезим да чоң энеңе жардам бергени келиптир. Эртеси таң заарда аны Сезим ойготту:

– Элдияр, Элдияр! Булуттар суу ичкени түшүптүр! Тур! Карасаң!

– Кана? – деп уйкулуу көздөрүн ушалай шашылып эшикке чыкты.





Ошол замат көргөн көзүнө ишенбеди. Үзүк-үзүк аппак булуттар бийик тоонун чокусунан өрөөнгө түшүп келе жатыптыр. Элдияр биринчи жолу аларды жакындан көрдү. Аппак жана үлпүлдөгөн жумшак булут буту бардан бетер тоодон ылдый агылып жылганы ага сыйкырдуу сезилди.

Ал Сезимге карап:

– Суу ичкени келди дедиңби?


– Ооба. Булуттар суусаганда дарыяга түшөт деп чоң энем айткан.

– Булуттар да суу ичеби? Анан суу ичип алып кайра кетеби?

Кыз жооп берүүгө үлгүргөн жок. Алардын жанына келип калган коңшу бала Тилек:

– Булар – булут эмес, жөө туман.





Сууну көп ичип алып, асманга чыгат да, жамгырды аябай жаадырат.

Элдияр өзү курактуу коңшу балага суроолуу карады:

– Эмне үчүн “жөө туман” дейсиң? Жамгыр жааса жаманбы?

– Жаанда мал караш кыйын да. Отун да суу болуп, жакшы күйбөй калат, – деп Тилек чоң кишиче каадалана түшүндүрдү.

– Анда жөө туман жаман экен да...

Балдардын сүйлөшкөнүнө кулак салып турган Элдиярдын апасы

сөзгө кошулду:

– Булут асманда муздай баштаганда жерге жөө туман болуп түшөт. Анын тез-тез түшкөнү бул талаанын, эгиндин, адамдын да азыгы болот. Анткени жөө туман желип өткөн жерге ным жакшы сиңет. Чөп коюу чыгат, эгин түшүмдүү болот. Жерди канча сугарсаң да булут суусуна жетпейт. Ошондуктан жөө туман түшүп турганы өтө пайдалуу.

– Апа! – деп шашыла сөзүн бөлдү Элдияр. – Телефонуңузду берип туруңузчу. Булуттарды видеого тартып келейин.

Ал апасынын телефонун колуна кармаган бойдон дарыяны көздөй чуркады. Бул маалда жөө туман сууга жакындап калган.



Элдияр өзү тарткан видеону шаардагы классташтарына көрсөтөрүн элестетип, толкунданып баратты. Жөө туман андан озунуп жетип, суу бетинде каалгый шимирип, чаңкоосун кандыра баштаган экен.

Бала аларды видеого берилип тартып жатты. Бекеринен “жөө туман” деп аталбаптыр. Бир орунда турбай жылып жүрөт экен. Коюу туман тездик менен Элдиярды да ороп, жан-жагынан шуулдап өтө баштады. Айлананы күүгүм каптап, эч нерсе көрүнбөйт. Видеого тартканга да мүмкүн эмес. Бала чочулай түштү. Жөө тумандын койнунан суурулуп чыгуу үчүн ары-бери басып көрдү. Бирок жол тапкан жок. Жардам сурап кыйкырайын десе үнү буулуп калды.


Ушул маалда:


Элдияр! Элди-яр! – деп чакырган бирөөнүн үнүн укту. Үн жакын эле жерден чыгып жатты.

Мен бул жердемин! Бул менмин! – Элдияр аптыга кыйкырып жиберди.

Ошол замат бет маңдайынан Тилектин карааны көрүндү. Ал Элдиярдын колунан шап кармады да:

– Ушул жерде жылбай туралы! Кокустан дарыяга, же жарга түшүп кетпейли. Азыр туман таркап кетет, – деди.





Анын айтканындай эле, бир аздан соң калың кара туман суюлуп, айлана көрүнө баштады. Эми эле жерде тополоң салган булуттар тоонун чокусун көздөй шашыла чыгып бара жатты. Асмандан күн жаркырап көрүндү.

– Ырас келбедиңби! Жол таппай, аябай коркуп турганмын, – деди Элдияр Тилекке ыраазы боло карап.

Тилек кайраттуу жана көп нерсени билген бала экен. Ушундай дос менен жайлоодогу жашоо кызыктуу өтчүдөй...



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Зинакан Пасанова
Сүротчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли